Д.Шопоков атындагы орто мектеп

***ЖАРЫЛБАЙ КАЛГАН ОК ДАРЫЛАР. МИНАЛАР. ГРАНАТТАР ЖАНА БЕЛГИСИЗ ПАКЕТТЕР ТАБЫЛГАН УЧУРДА КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ БОЮНЧА***

# *ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

***Жарылбай калган ок дарылар. Миналар. Гранаттар жана белгисиз пакеттер***

# *Жарылбай калган ок дарылар. Миналар. Гранаттар жана белгисиз пакеттер табылган учурда коопсуздук эрежелери боюнча инструкция.*

***1.Транспортто үйлөрдүн подъездеринде, пакет (сумка коробка ж.б) байкап калсаңар эч качан ага тийбегиле.***

*2.Сумка, коробка ,пакетти шаардык транспорттон байкап калсаңар айдоочуга билдиргиле.*

*3.Табылга жөнүндө милиция кызматкерине билдиргиле.*

*4.Эгерде кандайдыр бир террордук актнын күбөсү болуп калсанар өзүңөрдү жоготпой окуя болгон жердеги адамдарды эске тутуп калууга аракеттенгиле. Мүмкүн ошолор кылмышкерлер болуп калат.*

*5.Медициналык тез жардам келгиче жарылуудан жана ок атуудан жабыр тарткандарга колдон келген жардамыңызды көрсөтүңүз.*

*6.Жарылуучу пакет менен ойнобогула катуу оор күйүк алууңар мүмкүн.*

*7.Күйүп жаткан отко окту ыргытпагыла, ал атылып кетип өзүңөрдү жаралап коюусу мүмкүн.*

*8.Кислород баллондорунан бензин куюлган бош бочкалардан газ-аба толтурулган идиштердин жарылып кетүүсүнөн сак болгула.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

***ЖАЙ КҮЗ –КЫШ ЖАНА ЖАЗ МЕЗГИЛДЕРИНДЕ КӨЛМӨЛӨРДӨ ӨЗҮН КООПСУЗ АЛЫП ЖҮРҮҮНҮН***

# *ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

WPS Office

*Жай, күз ,кыш жана жаз мезгилдеринде көлмөлөрдө өзүн коопсуз алып жүрүүнүн инструкциясы.*

*1.Киринүү учурунда сууга тез түшкүлө . дайыма кыймылда болгула.*

*2.Тамак ичээриңер менен жана чарчап турганда (футбол ойноо ж.б.)сууга түшпөгүлө.*

*3. Күн суук (аба ырайы) болсо жылуу үчүн бир нече физикалык көнүгүүлөрдү жасагыла.*

*4.30 минуттан ашык сууга түшпөгүлө эгер суу муздак болсо 5-6 минут жетет.*

*5.Эгер кулак ооруса башыңар менен төмөн сууга секирбегиле.*

*6.сууга сүзүүдө суунун алдында көпкө жүрбөгүлө.*

*7.суудан чыкканда денени кургатып тез кийингиле.*

*8.чарчаганыңарды сезсеңер тез арада жээке чыккыла.*

*9. Тырышып калсаңар өзүңөрдү жоготпой чөгүп кетпегенге аракет кылып жардамга чакыргыла.*

*10. Жардамга келген коргоочуга сени жээкке алып чыгууга жардам бер аны артка тартпа.*

***Тыюу салынат :***

1. *Тердеп туруп сууга түшүүгө*
2. *Белгиленген жерден өтүп кетүүгө*
3. *Моторлуу кайыктарга, баржаларга жакын сүзүп келүүгө.*
4. *Толкун катуу болуп жатса.*
5. *Секирүүчү бийиктиктин жанында башка адамдар сүзүп жүрүшсө секирүүгө болбойт.*
6. *Муздун калыңдыгын бут менен тээп текшербөө керек.*
7. *Муз үстүнөн группа менен өтүүдө аралыкты сактагыла. (5-6 метр).*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

## *ЭКСКУРСИЯЛАРДЫ, СЕЙИЛДӨӨЛӨРДҮ ӨТКӨРҮҮДӨ ЭМГЕКТИ КОРГООНУН*

# *ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

# *Экскурсияларды, сейилдөөлөрдү өткөрүүдө эмгекти коргоонун инструкциясы*

***Коопсуздуктун жалпы талаптары:***

1.1 *Туристтик жүрүштөргө сейилдөөлөргө экскурсияларга жана экспедицияларга эмгекти коргоо инструктажынан медициналык кароодон өткөн ден соолугу чың мектепке чейинки жаштагы балдар жана биринчи класстын окуучулары бара алышат.*

1.2 *Туристтик жүрүштөргө сейилдөөлөргө экскурсияларга жана экспедицияларга чыгууда эс алуунун жана жүрүштөрдү өткөрүүнүн эрежелерин сактоо керек.*

*Төмөнкү факторлорго көңүл бургула :*

- *белгиленген маршруттук кыймылдын өзгөрүлүшү өз алдынча Группалык орунду таштап кетүү.*
- *туура келбеген бут кийим тандоодон буттун өйкөлүшү.*
- *жылаңайлак жүрүүдөн байпагы жок же шымы жок жүрүүдөн буттун жаракат алуусунан ;*
- *текшерилбеген ачык көлмөлөрдөн суу ичип ичеги-карын, ашказан ооруларын жугузуп алуудан;*

1.3 *Окуучулар көсөтүлгөн тартипти жана өздүк гигиена эрежелерин сактоо керек.*

***СЕЙИЛГЕ ЧЫГУУ.ТУРИСТТИК ЖҮРҮШТӨРДҮ, ЭКСКУРСИЯЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ УБАГЫНДАГЫ КООПСУЗДУК***

# *ТАЛАПТАРЫ*

## *МЕНЕН*

# *ТААНЫШТЫРУУ*

WPS Office

# *Сейилге чыгуу.*
# *Туристтик жүрүштөрдү, экскурсияларды өткөрүү убагындагы коопсуздук талаптары.*

1. *Тартипти сактоо жетекчинин көрсөтмөлөрүн аткаруу өз алдынча маршрутту өзгөртүп кетип калбоо, жайгашкан жерди таштап кетпөө.*
2. *Жалпы сейилдин убактысы 1-4 саат. Ал эми туристтик жүрүш.*

   *Экскурсия экспедицияныкы 1-2 класстар учун 1 кун*

   *3-4 кластар үчүн 3 күн*

   *5-6 класстар үчүн 18 күн*

   *7-9 класстар үчүн 24 күн*

   *10-11 класстар үчүн 30 күндүн аралыгында.*
3. *Эс алып өргүгөн убакта от тутантууга болбойт.*
4. *Кандайдыр бир өсүмдүктөрдүн ,жемиштерин даамын татып көрүүгө болбойт*
5. *Уулуу жана коркунучтуу айбанаттарды, курт-кумурскаларды , тикенектүү бадалда өсүмдүктөрдүрдү кармоого болбойт.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

***КООМДУК ТРАНСПОРТТО ЖҮРҮҮНҮН***

# ***ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ***

WPS Office

# *Коомдук транспортто жүрүүнүн инструкциясы.*

*1.Сутканын караңгы ээн остановкаларда турбоого аракеттенгиле, элдер турган жерде күт.*

*2.Автобус келгенде биринчи катарда турба, дөңгөлөк алдында калууң мүмкүн.*

*3.Жүрүп баратканда уктаба.анткени катуу тормоз берсе травма алууга болот.*

*4.Караңгыда жүрүүгө туура келсе айдоочунун жанына, чыгууга жакын отуруу керек.*

***5. Кыздарга аялдар менен бирге олтурууга сунуш кылынат***

*6. Эгер салонго өзүнө туура келбеген пассажир кирсе аны тиктебей тескери карагыла.*

*7.Буюмуңарга көз салгыла.*

*Коомдук транспортто тыюу салынат:*

- *автобус троллейбусстун ичинде басып жүрүүгө.*
- *эшикти эки жагынан ачууга.*
- *айнектен баш чыгарууга.*

- *айдоочуну алаксытууга*
- *приборлорду өчүрүп күйгүзүүгө.*
- *жөнү жок эле авариялык кнопканы басууга.*

*Информатика кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча нускама*

*1. Жалпы жобо:*

*1.1. Берилген нускаманын сакталышы информатика сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү;*

*1.2. Компьютерди үйрөнүүчүлөрдүн милдеттери:*

*- компьютердик техникага аяр мамиле кылуу;*

*- мугалимдин уруксатсыз компьютерди ордунан жылдырбоо;*

*1.3. Дисплейдин экранын жарык менен камсыз болушу керек, мында аны күн нурунун түз түшүшүнөн сактоо зарыл;*

*1.4. Кабинеттин айнеги ачык түрдөгү штора менен тагылуусу.*

*2. Окуунун башталышында, жүрүшүндө жана бүтүшүндөгү коопсуздуктун сакталышы*

*2.1. Окуунун башталышындагы окуучулардын милдеттери:*

*- кабинетке мугалимдердин уруксаты менен кирүү, аппаратурага сүйкөнбөө;*

*- олтуруучу орун даярдоо;*

*- мугалимдин уруксатысыз аппаратураны күйгүзбөө (не включать);*

*- көзү начар көрсө очки тагынуу;*

*- электр точкасына туташтырууда аяр болуу.*

*2.2. Сабактын жүрүшүндөгү окуучулардын милдеттери:*

*- ПЭВМден 50-70 см аралыкта олтургучка түз олтуруу;*

*- Бир сабакта ПЭВМ менен 20-25 минутадан ашык олтурбоо;*

*- Ар бир 15 минутада көзгө гимнастика жасоо;*

*- Техника менен иштөөдө ар бир мүчүлүштөр боюнча мугалимге билдирүү.*

*2.3. Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыюу салынат:*

*- нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө;*

*- мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарбоо;*

*- өз алдынча экранды которбоо;*

*- өз алдынча техниканы оңдоого.*

*2.4. Сабактын аткарылышындагы окуучунун милдеттери:*

*- аппаратураны булагынан ажыратуу;*

*- иштөө орундарын иретке келтирип, мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө.*

*3. Авариялык ситуация пайда болгондогу талаптар:*

*3.1. Эгерде кандайдыр бир  башка жыт чыкса, аппаратураны өчүрүп, мугалимге кайрылуу керек;*

*3.2. Аппаратура көрсөтпөй жатса, тезинен мугалимге кайрылуу;*

*3.3. Кокусунан өрт коркунучу туулса, мугалимдин көз алдындагы кабинеттен чыгуу;*

*3.4. Кокусунан жеңил мертинүүгө чалдыкса, мугалимге жардамга кайрылуу.*

***Физика кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелери***

*Мугалимдин көрсөтмөсүн так аткаруу;*

*Жумуш орундарын мугалимдин уруксатысыз таштап кетпөө;*

*Материалдарды, приборлорду, куралдарды иш столуна мугалимдин көрсөтмөсү менен ирээттүү коюу;*

*Ишке киришүүдөн мурда анын маанисин, аткаруу иретин терең окуп үйрөнүү;*

*Электр чынжырын чогултууда же андагы приборлорду алмаштырууда, оңдоого чынжырды ток булагынан ажыратуу;*

*Тапшырмага керек болбогон приборлорго тийбөө;*

*Мугалимдин уруксатысыз ток булагына туташтырбоо;*

*Өткөргүчтөрдүн толук изоляцияланганына көңүл буруу. Электр чынжырын чогултууда өткөргүчтөрдүн клеммаларын пайдалануу;*

*Байкоодо жана изилдөөдө, электр чынжыры менен иштөөдө өтө тыкан болуу;*

*Конденсаторго электр чынжырын ажыратканда да тийбөө керек, разряддоо керек;*

*Электр приборлорунда чыңалуу байкалса, дароо мугалимге кабарлоо;*

*Ишти аткарып бүткөндөн кийин, ток булагынан ажыратып, анан электр чынжырын жыйноо.*

***Химия кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелери***

*Химиялык заттарды кол менен кармоого, даамын татууга болбойт;*

*Заттарда кандайдыр бир жыт чыкканы байкалса, аны бетке жакын кармап жыттоого болбойт. Себеби дем алуу органын дүүлүктүрүшү мүмкүн;*

*Мугалимдин уруксатысыз белгисиз элементтерди кармабоо керек;*

*Тажрыйба жүргүзүүдө химиялык заттан аз дозасын пайдалануу;*

*Айрыкча щелочтуу кислоталар менен иштөөдө сак болуу;*

*Эгер кокусунан кийимге, колго кислота же щелоч тийсе тезинен суу менен жууп салуу;*

*Ар дайым таза лабораториялык идиш колдонуу;*

*Заттардын калдыгын кайра таза зат салынган идишке кошпоо;*

*Газ жылыткыч, спиртовка жана электр жылыткыч менен иштөөдө төмөнкү эрежелерди сактоо керек:*

- *газ жылыткыч менен иштөөдө биринчи ширеңкени күйгүзүп, андан соң газды акырын ачуу керек;*

- *күйүп турган спиртовка менен экинчи спиртовканы күйгүзүүгө болбойт. Себеби спирт төгүлүп кетип чоң жалын пайда болушу ыктымал;*

- *күйүп турган спиртовканы капкагы менен жаап гана өчүрүү керек;*

- *иш убактысы бүткөндө газ кранын жабууну унутпоо.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

# *ОКУУЧУЛАРДЫ ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

# *Окуучу милдеттүү:*

***1. Интеллектуалдуу потенциалын максималдуу өстүрүүгө;***

***2. Өз көндүмдөрүн жана билгичтигин калыптандыруу, б.а өзүн – өзү түшүнүү;***

- *өзүн ишмердүүлүккө уюштура билүү;*
- *чечимдерди кабыл ала билүү;*
- *кабыл алган чечимдердин;*
- *алардын жыйынтыктарынын жоопкерчилигин алуу;*
- *жамаат менен жана жекече иштөөнү билүү;*
- *өздүк инсандык өсүү программасын түзө билүү;*
- *өз билимин өркүндөтүү программасын ишке ашыруу;*
- *аналитикалык аң-сезимдин көндүмдөрүнө ээ болуу;*
- *керектүү маалыматты издөө жана колдоно билүү;*
- *үйрөнө билүү;*
- *ойлоно билүү;*
- *кызматташа алуу;*
- *ишти баштоо жана бүтүрүүгө үйрөнүү;*

***3. Берилген максаттарга жетишүү үчүн окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:***

- *мектептеокууүчүнөзалдынчачечимкабылалуу;*
- *мектепте окуу чечимин кабыл алгандан кийин, өз билими жөнүндө жоопкерчиликти толугу менен мойнуна алуу;*
- *Жогорудагы эки пунктту аткаргандан кийин, окуучу мектепте жүрүш-туруш эрежелерине» кол коюу менен аны аткарууга милдеттендирилет.*

WPS Office

## *ОКУУЧУЛАРДЫН ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ*

***Аталган эрежелердин максаты болуп билим алуу үчүн жагымдуу кырдаалдарды, комплекстин ичинде жана тегерегинде коопсуз шарттарды түзүп берүү, инсанга карата сыйлоо сезимин, маданияттуу жүрүм-турум, коомчулукта сүйлөшө билүү көндүмдөрүн өстүрүү.***

### *ОКУУЧУ МИЛДЕТҮҮ:*

- ***Мектепке сабак башталардан 15-20 минут эрте келгенге;***
- ***мектепке аныктаган мектеп формасында, таза жана тыкан кийимде келүү (дене тарбия сабагына спорттук кийим менен келүү);***
- ***кийим чечүүчү жайда сырткы кийимин чечүү, керек болгон убакта бут кийимин алмаштыруу;***
- ***өзүнүн окуу жерин жана окууга керектүү керек-жарактарын алдыда боло турган сабакка даярдоо;***
- ***мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн татыктуу, маданияттуу алып жүрүү;***
- ***мектептин ички тартибин жана жүрүш-турушун сактоо (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө,класс жана мектеп турмушуна катышуу);***
- ***ийгиликтүү адаптацияга бүт күчүн жумшоо;***
- ***педагогдор, мектеп персоналдары жана окуучулары менен өз ара сыйлоо жана этият мамиле түзүү (улууларга сый мамиле менен "Сиз" деп аты-жөнү менен кайрылуу);***
- ***мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоо;***
- ***калтырган сабактарын өз убагында тапшыруу, модулдарды, темаларды тапшыруу, план-конспекттерди көрсөтүү ж.б.;***
- ***мектептеги, класстагы коопсуздук атмосфераны түзүү жана колдоо;***
- ***сабак калтырган учурда өз убагында класс жетекчиге догдурдан же ата-энеден күбөлөндүрүүчү каттарды алып келип көрсөтүү (алардын ордун алмаштыруучулардан);***
- ***мектептеги, класстагы өз ордун жана ар-намысын сактоо.***

## *ОКУУЧУЛАРГА ТЫЮУ САЛЫНАТ:*

- *Администрациянын уруксаатысыз сабак учурунда мектептен кетүүгө;*
- *өзү каалагандай спорттук , маданияттык жана класстан тышкаркы иш-чараларды таштап кетүүгө;*
- *терезенин алдына, шкафтарга, имараттык жабдууларга чыгууга;*
- *тосмолордо жылгаяк тебүүгө жана тосмолорго, терезе алдына отурууга;*
- *электр жана техникалык шкафтарды ачууга;*
- *мектеп аянтчасында спорттук, оюн конструкциясын өз орду менен колдонбоо;*
- *ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, препараттарды, суусундуктарды колдонуу (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.);*
- *кандайдыр бир куралдарды алып келүү жана колдонуу (пистолет, бычак, мылтык, кастет ж.б.);*
- *окуучулардын акча жана башка бир баалуу буюмдарды алуу максатында психологиялык жактан коркутуу;*
- *денени зыянга учуратуу максатында окуучуларга физикалык күч колдонуу, мушташ кылуу үчүн ар түрдүү жолдон чыгаруучу формаларды колдонуу;*
- *сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонуу;*
- *сабактарды себеби жок калтыруу.*

## *ОКУУЧУЛАРДЫН САБАКТАГЫ ЖҮРҮШ-ТУРУШУ:*

- *коңгуроо кагылаары менен окуучулар өз ордуна келип, сабакка тиешелүү нерселерди даярдоосу керек;*
- *кезек кайтаруучу класстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү;*
- *ар бир окуучу класстагы иш ордунун тазалыгы жана сакталышы үчүн жооп берет;*
- *мугалим класска киргенде окуучулар саламдашуу үчүн ордунан турушу керек;*

- *партанын үстүндө ашыкча эч нерсе болбошу керек; китептер жана дептерлер мугалимдин уруксааты менен ачык турушу керек;*
- *сабак учурунда окуучулар түз отуруп, ашыкча сүйлөбөй, башка иштер менен алек болбошу керек;*
- *окуучу сабакта мугалимдин бардык талаптарын аткарышка милдеттүү;*
- *эгерде, окуучу сабак учурунда эшикке чыккысы келсе, педагогдон жоопсурашы керек;*
- *окуучу жооп берүүгө күндөлүгү менен чыгуусу жана жооп берип жатканда түз туруп, ачык жана катуу сүйлөшү керек.*
- *эгерде окуучу мугалимден бир нерсе сурагысы келсе, кол көтөрүп, мугалим урксаат бергенден кийин туруп, суроо бериши керек;*
- *окуучулар башкаларга өз кошумчасын, алардын катасын оңдоого мугалимдин уруксааты жок эле айтууга ээ;*
- *коңгуроо кагылгандан кийин мугалимдин уруксааты менен окуучулар тынч гана класстардан танаписке чыга алышат;*
- *дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим жана бут кийим менен келишет. Мугалимдин уруксааты жок окуучулар спорт залга кире алышпайт. Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.*

## *ТАНАПИСТЕГИ ЖҮРҮШ-ТУРУШУ:*

- *мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;*
- *ар бир окуучу, күзөтүү кызматчысынын талабы боюнча, өз аты-жөнүн жана классын айтууга милдеттүү;*
- *коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;*
- *коридордо, тепкичтерде мугалим, же башка улуу адамдын алдына чыкпоо, эгерде, керек болсо уруксаат суроо керек;*
- *сылык болуу, улуу адамдар жана балдар менен саламдашуу;*
- *мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;*
- *танаписте класста кезек кайтаруучу гана калып, имаратты салкындатып, классты иретке келтирет;*
- *танаписте, сабактан уруксаат суранбаш үчүн даараткакага баруу керек, ал жерде тыкан болуп, колун милдеттүү түрдө жууш керек.*

## *МЕКТЕП БУЮМДАРЫНЫН ЖАНА КИТЕПТЕРДИН САКТАЛЫШЫ:*

- ***бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;***
- ***окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюсу, же түзөтүүсү керек;***
- ***окуучулар жашыл дарактарды отургузууга, сактоого, эгерде мектепке зыян келтирилсе, ордуна келтирүүгө милдеттүү;***
- ***окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек;***
- ***бүт окуучулар окуу куралдарын сактоосу керек. Ар бир китепте арасына салынуучу тасмасы болуш керек. Барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт.***
- ***баары менен сый-урматта, жайдары болуу;***
- ***улуулар менен сүйлөшүп жатканда колун чөнтөгүнө салбоо, өзүн түз кармоо;***
- ***балдар менен саламдашканда, алардын аты-жөнүн айтуу;***
- ***тазалык жана тартипти сактоо, абдан маанилүүсү - булгабоо;***
- ***улууларга, жолдошторуна жардам берүү. Жардам суроону гана күтпөстөн, тегерегиндегилерге көңүл буруп кароо;***
- ***тыкан, жыйнактуу болуу милдети, бети, колунун тазалыгын сактоо,***

***чач жасалгасына, кийиминин, бут кийиминин тазалыгына көңүл буруу.***

## *МАССАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ЖҮРҮШ-ТУРУШТАРЫ:*

- *мектепте өтүлүүчү майрамдарга кооз кийинип, жыйнактуу, тыкан чач жасалгасы менен так убактысында келиш керек;*
- *залда түртүшпөй, баарынан алдыга чуркабай, талашпай өз ордуна отуруш керек;*
- *майрам башталганга чейин акырын сүйлөп, күтүш керек. Башталышы жөнүндө айтылаар замат сүйлөшкөндү токтотуу керек;*
- *иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, ищ-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;*
- *улууадамдаркирсе, орун таапберүү керек.*

## *АШКАНАДАГЫ ЖҮРҮШ –ТУРУШКА КАРАТА ТАЛАПТАР:*

- *ашканага өз классындагы окуучулар менен уюштуруучулук жана тынч жагдайда баруу;*
- *ашканада жүрүш-туруш маданиятына карата өзүн алып жүрүү;*
- *тамак-аштарды кезек менен алуу;*
- *нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;*
- *ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен танаписте гана баруу;*
- *ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этияттык, көңүл коюп мамиле кылуу;*
- *тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу.*

## *КОРУТУНДУ БӨЛҮК:*

- *окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү жазалар колдонот:*
    - *1- ата-энелерине билдирүү жана жарыялоо;*
    - *2- ата-энелерин мектепке чакыруу;*
- *3- окуучуну мектептен чыгаруу. Бул эрежелерди одоно түрдө жана бир нече жолу бузса, окуучу мектептен чыгарылат.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

# ***ОКУУЧУЛАРДЫ ЭЛЕКТР КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ***

# *Электр коопсуздугу боюнча инструкциясы:*

*-Үйдөн чыгып бараткanda сөзсүз электр жабдууларын өчүрүп кеткиле;*

*-Суулу колуң менен розеткага штепселдик вилканы сайба;*

*-Электр проводун тартпа-кыска замыкание болот;*

*-Эч качан жылаңач (ачык ) зымга жакын жолобо. Кармаба ток урат.*

*-Атайын подставкасы жок үтүк чайнек плитаны колдонбо;*

*- Токко сайылып ысып жаткан суу  куюлган идишке колуңарды салбагыла;*

*-Электр зымдарынын үстүнө гүл горшокторун илбегиле;*

*-Эч качан токко туташкан электр жабдууларын нымдуу тряпка менен сүрбөгүлө;*

*-Күйүп кеткен электр жабдууларын суу  менен өчүрбөгүлө;*

*-Илинип же жерде жаткан электр зымдарына колуңарды тийгизбегиле.*

*-Электр зымдары үйдүн чатырына жакын өткөн тамдын үстүнө чыгуу же столбалардын устуно чыгуу коркунучтуу.*

*- Трансформатордук подстанцияларга. кубаттуу щиттерге кирүүгө болбойт-ал өлүмгө алып келет.*

*-Кездеме же  кагазды электрлампочкаларга абажур кылып күйгүүзүгө болбойт.*

*-Токко туташып турган электр приборун оңдоого болбойт.*

*-Электр жабдуусу күйүп баштаса. Силер өчүрө албасаңар өрт өчүрүүчүлөрдү телефон менен чакыргыла.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

## *ЖОЛДО ЖАНА ТРАНСПОРТТО КООПСУЗ ЖҮРҮҮНҮН*

# *ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

WPS Office

## *Жолдо жана транспортто коопсуз жүрүүнүн инструкциясы.*

*1.Көчөгө чыкканда өтүп бараткан адамдарга тоскоол болбоо.*

*2.Мектепке баруунун коопсуз маршрутун танда: кайсы жерден көчөнү же жолду аз кесип кетесиң.*

*3. Шаардын көчөсүнөн этият бол. Шашпа. Жол жээги тратуар менен бас.*

*4.Көчө кесилиштери аз болсо ошончолук коркунуч жок.*

*5.Тратуардын оң жагы менен шашпай бас.*

*6.Жолдун жээгинен бир кадам берирээк бас.*

*7.Көчөнүн же жолдун машина жүрүүчү бөлүгүнө чыкпа.*

*8.Дарбаза тушунан этият болуу . анткени короодон машина чыгып калуусу мумкүн.*

*9. Токтоп турган машинанын жанынан өтүп бараткanda сак бол. Ичиндеги пассажирлер эшигин ачып жиберсе. Сени уруп кетет.*

*10.Жолдон жөө кишилер өтчу жерден өт.*

*11.Көчөнү кесип өтүүдөн мурун солду кара. Эгер бош болсо өт.*

*Ортосунан токто. Машине жүрө баштаса токтоп тур.Эми оңго кара. бош болсо өтө бер.*

*12.Жөө кишилер өтүүчү жер болбосо анда тратуардын бир бурчунан экинчи бурчуна карай жөнө. бул коопсуз.*

*13.Эгер көчөдө кыймыл көп болсо .анда чоң кишилердин же милиция кызматкеринен жардам сурап өтүп кет.*

*14. Транспортту атайын токтоочу аянтта же тротуарда күт.*

*15. Автобус, троллейбус ,трамвайга т.ушкөндө башка жүргүнчүлөргө жолтоо кылбай тартипти сактоо.*

*16. Автобус тролейбус трамвайга түшкөндө арткы эшиктен кир.*

*17. Алдыңкы эшиктен гана чык. Алдыга жылып даярданып ал.*

*18. Транспортко тушөөрдө жана чыгаарда шашпа. түртүшпө.*

*19.Автобус трамвайдан түшкөндөн кийин тратуар менен жөө кишилер өтүүчү жерге барып.ошол гана жерден аркы өйүзгө өтөсүң..*

*20. Жолдон өтүп жатканда светофорго кара. Кызыл –токто,баары токтош керек.; сары -көңүл бургула, күткүлө. Жашыл-өткүлө.*

*21. Транспортто бараткanda салондун ичинен ары-бери баспагыла.кармоочу таянычтарды карма. Терезеден башыңды чыгарба..,колунду сунба .,жөнү жок эле авариялык абалды баспа.*

*22. Жолдун жээгине ойнобо. Велосипед теппе .*

*23. Журуп келе жаткан транспорттун алдынан чыкпа.*

*24. Өтүп бараткан транспорттун артына жармашпа.*

Д.Шопоков атындагы орто мектеп

# *КОРООЛОРДО, КӨЧӨЛӨРДӨ, ҮЙДӨ ЖАНА КООМДУК ЖЕРЛЕРДЕ КЫРСЫКТЫ БОЛТУРБООНУН*

# *ИНСТРУКЦИЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ*

WPS Office

# *Короолордо, көчөлөрдө,үйдө жана коомдук жерлерде кырсыкты болтурбоонун инструкциясы.*

*1.Үйдөн, квартирадан мурда эшиктин көзөнөкчөсүнө карап чоочун адам жок экенине ишенгенден кийин чыккыла. Эгер турган болсо күтө тур.*

*2. Эгер убактыңды короодо өткөрүп жүргөн болсоң алькоголь ичимдигин ичишкен.наркотикалык заттарга мас болгон же азарттык оюндарды ойноп жатышкан сенден улуураак өспүрүм балдардын компаниясынан алыс бол.*

*3.Тааныш эмес адамдардын машинасына мотоциклине отурба.*

*4.Эгер үйдө чоң кишилер болбосо кымбат баалуу буюмдарды сыртка өзүң менен алып жүрбө.*

*5.Тааныш компания менен өзүңдүн үйүңдүн жанында эле ойно.*

*6.Жардамга чакыруу –бул коркоктун күбөсү эмес. Бул өзүн-өзү коргоо аргасы. Кээде аман калуу болуп эсептелет.*

*7. Эгер артыңдан кууса жарык болгон. эл көп болгон жакка чурка.*

*8. Өзүңдүн жеке коопсуздугун (уурдап кетүү) үчүн:*

- *көчөдө жалгыз калбоо. Эс алууга жалгыз жүрбөө. Мектепке жана мектептен*

*келе жатканда жалгыз жүрбөө.*

- *мектепке, дүкөнгө, досторго баруучу маршрутту бат-бат алмаштыруу.*
- *шектүү тааныбаган адамдар менен эч качан сүйлөшпөө.*
- *тааныбаган адамдардын машинасына отурбоо.*
- *өзүңдүн туугандарыңа качан ,кайда ким менен эмне кыла турганың жөнүндө телефон аркылуу билдир ,номериң бер ,кантип таап алса боло турган координатыңды айт.*